| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ<br>СУЗАК РАЙОНУ<br>КЫЗЫЛ-ТУУ<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>СУЗАКСКИЙ РАЙОН<br>КЫЗЫЛ-ТУУЙСКИЙ<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ** |

Кызыл-Туу айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезектеги
жыйырма экинчи сессиясы

# ТОКТОМ

**Мундуз айылы** **№ 22-1** **12-июнь 2026-жыл**

## Муниципалдык мал базар курууга макулдук берүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө мыйзамынын 34, 39-беренелерин негиздеп, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 29-июлундагы № 406 токтому менен бекитилген “Республикалык бюджеттен берилүүчү бюджеттик кредиттер менен иштөө жөнүндө” Жобого ылайык, Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн 2026-жылдын 12-июнундагы чыгыш № 01-23/1259 сандуу катын негиздеп, айылдык кеңештин экономика, инвестиция, муниципалдык менчик жана ишкердикти өнүктүрүү боюнча туруктуу комиссиясынын 2026-жылдын 12-июнундагы № 13 протоколун угуп жана талкуулап, Кызыл-Туу айылдык кеңешинин XXII сессиясы токтом кылат:

1. Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн башчысы Д.Бокошовго Кызыл-Туу айыл аймагынын МХО участкасына ветеринардык-санитардык талаптарга жооп бере турган муниципалдык мал базар курууга 94 880 000 (Токсон төрт миллион сегиз жүз сексен миң) сом өлчөмүндө бюджеттик кредит алууга макулдук берилсин.
2. Республикалык бюджеттен берилүүчү бюджеттик кредитти алууну камсыздоого идентификациялык 3-05-07-0033-1310 коду менен катталган Кызыл-Сеңир айылынын МХО участкасындагы 118400,0 м2 муниципалдык менчиктеги жер аянтын күрөөгө коюуга макулдук берилсин.
3. Бул токтомдун аткарылышы Кызыл-Туу айыл өкмөт башчысы Д.Бокошовго милдеттендирилсин.
4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кеңештин экономика, инвестиция, муниципалдык менчик жана ишкердикти өнүктүрүү боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.
5. Бул токтом Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн расмий сайтына жарыяланып, Кыргыз Республикасынын Юстиция министирлигине каттоого жиберилсин.

**Төрага** **А.Р. Алимов**